Мамашарип кызы Багдагүлдүн 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга сунуш кылынган **«Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери»** темасындагы диссертациясысына Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштулук даражасын изденип алуу учун диссертацияларды коргоо боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин экспертик комиссиясынын мүчөсүнүн

## КОРУТУНДУСУ

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштулук даражасын изденип алуу учун диссертацияларды коргоо боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин экспертик комиссиясынын мучосу юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбековичтин, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Мамашарип кызы Багдагүлдүн «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы диссертациясысын карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундулары чыгарды:

**1. Диссертациялык кеңешке берилген укук боюнча диссертацияларды коргоого кабыл алуу адистигине иштин (изилдөөнүн) дал келиши.**

«Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясы Д.12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлөрдүн укугунун жана алардын конституциялык-укуктук негиздери аныкталып, аларды теориялык билим берүүлөрдө колдонуу жолдору изилденип, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери .**

Диссертациялык изилдөөнүн максаты - Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык укуктук негиздерин талдап, анын табиятын, көйгөйлөрүн жана аларды өнүктүрүү боюнча теориялык жактан комплекстүү изилдөөдө турат.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:

1. Үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык - укуктук ченемдердерди изилдөө жана талдоо;
2. Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;
3. Үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объекти, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү;
4. Үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык – укуктук маанисине талдоо жүргүзүү;
5. Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүү;
6. Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Белгиленген милдеттерге жетүү аркылуу диссертациялык изилдөөдө коюлган максат толугу менен аткарылган.

Диссертациялык изилдөө ишинин **объектиси** болуп, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери менен байланышкан коомдук мамлилелер эсептелип, ал эми изилдөөнүн **предметин** үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикасы деп берилген.

**Изилдөө ыкмалаларынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изилдөнүн ыкмалары болуп төмөнкүлөр белгиленген:

· жалпы илимий ыкма менен бирге жеке илимий ыкма комплекстүү колдонулган;

· үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу, андагы өз ара байланыштар ды изилдөөдө диалектикалык ыкмалар колдонулган;

· үй-бүлөлүк мамилелердин калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү объективдүү тенденцияларды бөлүп чыгууга, аларды ар тараптуу талдоого алууга жана алардагы жалпы көрүнүштөрдү жана өзгөчөлүктөрдү аныктоодо анализдин жана синтездин жалпы илимий ыкмасы колдонулган;

· Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдарынын принциптери менен ченемдеринин үй-бүлөлүк карым-катнаштарды жөнгө салуунун максаттарын жана милдеттерин аныктоого формалдуу-логикалык ыкма колдонулган;

· Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин аныктоо, конституциялык принциптердин жана ченемдердин дал келүүсү, укуктук жөнгө салуудагы шайкештиги сыяктуу орчундуу маселелерди изилдөөдө системдүү-түзүмдүк ыкма колдонулган;

· Ата-мекендик жана чет өлкөлүк үй-бүлөлүк мыйзамдардын түзүлүшүн жана жөнгө салуу өзгөчөлүктөрүн, окумуштуулардын көз караштарын салыштыруу – салыштырма укуктук ыкма колдонулган;

· Практикалык сунуштарды иштеп чыгууда жана принциптер менен ченемдердин маанисин, маңызын, түзүлүшүн, колдонулушун талдоодо техникалык-юридикалык ыкма колдонулган.

Изденүүчү тарабынан колдонулган жогорудагы ыкмалар 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук шифрине дал келет.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.**

Изденүүчү диссертациялык теманын актуалдуулугун белгилөөдө үй-бүлөлүк укуктун конституциялык-укуктук негиздерин ачып берүүгө кенен токтолгон. Акыркы мезгилдердеги карапайым элдин арасындагы укуктук аң сезимдин өнүгүүсү менен үй-бүлөлүк мамилелердеги ар түрдүү көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечилүүсүнүн өзү теманын актуалдуулугунан кабар берет. Ошондой эле, коомдогу жүрүп жаткан кыз ала качуу, көп аял алуу, алимент төлөө, мыйзамсыз нике кыюу, ажырашуунун көбөйүшү, үй-бүлөлүк баалуулуктардын жоголуп баратышы, бир жыныстуу никелер, гендер маселесиндеги аша чапкандык ж.б. ушул сыяктуу көйгөйлөр теманын актуалдуулугуна өбөлгө болгон.

**3. Илимий натыйжалар.**

Изденүүчү илимий ишти теориялык материалдарга, ченемдик укуктук актыларга, реалдуу жашоодогу мисалдарга таянып жүргүзгөн. Алынган натыйжалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн.

**1-натыйжа.** Изденүүчү илимий ишинде койулган максатка жетүү үчүн окумуштуулардын илимий эмгектерине, көз караштарына сереп салган жана үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык-укуктук ченемдерди талдап чыгып конституциялык ченемге автордук аныктамасын берген.

**2-натыйжа.** Изденүүчү улуттук мыйзамдардын негизин конституциялык принциптер менен ченемдер түзөрүн аныктаган. Кыргыз республикасынын Балдар кодексине, келечек муундардын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу эл кызматына жараган элдик уулду, коомдук милдеттерди аткарган, Ата-Мекенди сүйгөн, коргогон, адилет эмгек кылган азаматты тарбиялоочу, демократиялык тарбиянын эң негизги милдеттерин аткартууну камтыган жаңы бапты кабыл алууну сунуштайт. Ошондой эле, Үй-бүлө кодексине руханий маданий негиздерди камтыган ченемдер киргизилүүсү зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык ишинин объектисин, предметин аларды изилдөөнүн жалпы илимий ыкмалар менен жеке илимий ымаларды комплекстүү колдонуп теориялык жана практикалык материалдарга кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөнүн маанисин ачууда көптөгөн окумуштуулардын позициясын, ой пикирлерин, көз караштарын салыштыруу менен жыйынтык чыгарган. Үй-бүлөлүк мамилелердин ар бирине өзүнчө талдоо жүргүзүп, тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган.

**5-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укуктарды коргоонун жана укуктук чара көрүүнүн артыкчылыктарын, кемчилдиктерин жана көйгөйлөрүн аныктаган.

**6-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин тарбиялык функциясын сунуштайт, анткени үй-бүлөлүк укук бузуулар үчүн коркутуу же жазалоо болбоосу керектигин аныктаган. Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин бир нече максаттарын атап өткөн, ушул максаттарды аткаруу үй-бүлөнүн гармониялуу өнүгүшүнө өбөлгө болот деп эсептеген.

**3.1. Азыркы илимдин алкагында алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт.**

**1-натыйжа**. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы конституциясында камтыган үй-бүлөө укугунун конституциялык ченемдери изилденип ага карата аныктама берилгендиги, жаңы илимий жыйынтык. "Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери".

**2-натыйжа.** Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине

балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо тууралуу глава киргизүү сунушталды. Башкача айтканда 2012-жылдын 10-июлунда кабыл алынган №100 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине «Балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо» деген аталыштагы жетинчи бап менен толуктоо сунуштаган. Мындай норманы киргизүү менен келечек муунду ата мекенди сүйүүгө, адилеттүүлүккө жана адеп-ахлактуу тарбия берүүгө өбөлгө болоорун аныктаган. Жаңы илимий жаңылык.

**3-натыйжа.** Изилдөөнүн объектисин жана предметин талдаган, ал эми коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий жана жеке илимий ыкмаларды комплекстүү колдонгон.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укугунун түшүнүгүн изилдөөдө анын конституциялык – укуктук маанисине токтолуу менен үй-бүлө укуктук мамилелер тууралуу автордук аныктама сунушталган. «Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер деп үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүүгө жана аларды ишке ашырууга байланышкан жана ошол эле учурда тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынган мамилелер» деген аныктама жаңы илимий жаңылык.

**5-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун жетишсиздиги мыйзамда көптөгөн көйгөйлөр бар экенин, бир катар укуктук ченемдердин ачык карама-каршылыктарына жана коомдук мамилелердин бул чөйрөдө толук кандуу жөнгө салуунун мүмкүн эместигине алып келүүчү кемчилдиктер бар экендигин аныктаган. Ошондой эле, үй-бүлө кодексинин айрым беренелерине толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган, айтсам нике келишминин мазмунуна жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мүмкунчүлүгүн киргизүүнү, бул норма жубайлардын ортосундагы маилени толук жөнгө салууга шарт түзөт деп эсептейт. Жаңы илимий жаңылык.

**6-натыйжа.** Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилик маселелерин изилдөө менен изденүүчү анын негизги максаттарын төмөндөгүдөй үч топко бөлүү аркылуу аныктаган: 1 – топ: мыйзамдарды жакшыртуу менен үй-бүлө жана нике чөйрөсүндө укук бузууларды алдын алуу; 2 – топ: үй-бүлө мүчөлөрүн үй-бүлө укуктарын жана баалуулуктарын урматтоо багытында тарбиялоо; 3 – топ: үй-бүлө мүчөлөрүн мыйзамдын жана адеп-ахлактын талаптарына ылайык үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууга жана укуктарды ишке ашырууга үндөө.

### 3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө

Илимий иштеги жыйынтыктар жана илимий тыянактар жетиштүү түрдө жүйөлөштүрүлгөн, андыктан:

**1-натыйжа.** Чыгарылган жыйынтык негиздүү. Илимий иштин жыйынтыгы канатандыраарлык деңгээлде изилденип, актуалдуулугун көрсөтүү менен жаңылыгын ачып берген.

**2-натыйжа.** Автор балдарды руханий, маданий жактан тарбиялоо маселелерин үй-бүлөлүк укук тармагындагы мыйзамдарды талдоо жүргүзүүдө карап, аны Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодекске киргизүүнү сунуштаган.

**3-натыйжа.** Автор конституциялык принциптер үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда конституциялык укуктун маанисин, алардын укуктук, идеялык негизин түзөөрүн аныктап, аны үч негизги блокко бириктирип караган.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укугунун түшүнүгүн изилдөөдө анын конституциялык – укуктук маанисине токтолуу менен үй-бүлө укуктук мамилелер коомдун өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири катары негизделген.

**5-натыйжа.** Автор изилдөөдө азыркы учурдагы үй-бүлөлүк мыйзамдарды укуктук жөнгө салууда, коргоодо пайда болгон бир катар маселелерге талдоо жүргүзүү менен Кыргыз Республикасынын конституциясынын 19-беренесин 4-бөлүк менен толуктоо киргизүү сунушун киргизген.

**6-натыйжа.** Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилик маселелерин изилдөө менен автор анын негизги максаттарын үч топко бөлүү керектигин илимий жактан жетиштүү деңгээлде аныктаган.

### 3.3. Диссертациялык иштин теориялык мааниси.

Изилденген илимий иш Кыргыз Республикасынын үй-бүлө укугунун конституциялык-укутук негиздерин өркүндөтүүгө, жакшыртууга, жаңы мехенизмдерди иштеп чыгууга маанилүү салым болуп саналат. Коомдун өнүгүшүндө үй-бүлө маанилүү ролдуу ээлейт, анын конституциялык – укуктук негиздерин изилдөө, талдоо чоң мааниге ээ.

Изденүүчү теманын конституциялык жана укуктук аспектилерин толук изилдеп, принциптерге, ченемдик укуктук актыларга жана практикадагы көрүнүштөргө талдөө жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурган. Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн.

**3.4. Кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине шайкеш келүүсү**

Юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип, диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарын жооп берет.

Диссертациялык илимий изилдөө иши жеке илимий иш, мазмуну квалификациялык белгилерге ылайык келип, илимий иште изилдөөнүн жакшы жетишкендиги боло алган жыйынтыктар берилди. Илимий иш мамлекеттик тилде берилгендиги илимий жаатпагы жаңы муундун кыргыз тилдүү болуусуна түрткү боло алат.

**4. Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациялык изилдоосундо алынган натыйжалардын олуттуу практикалык маанилуулуг бар. Диссертацияда камтылган жоболор жогорку окуу жайларында тиешелүү дисциплиналарды окутууда, ошондой эле конституциялык укук, үй-бүлө укугу сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын, окуу усулдук пособияларды иштеп чыгууда колдонулат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:**

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөргө көңүл бөлүү абдан маанилүү:

1. Колдонулган адабияттардын тизмесин жана диссертациядагы шилтемелерди диссертацияларды жана авторефераттарды жасалгалоо боюнча Нускамага ылайык жасоо керек.

2. Диссертацияларды жана авторефераттарды жасалгалоо боюнча Нускаманын талаптарына ылайык, диссертациялык иште изилдөөнүн усулдарына жана методологиясына арналган өзүнчө бөлүм (2-бөлүм) болушу керек. Кароого киргизилген диссертациялык иште мындай бөлүмдүн жок экендигин белгилейм жана тийиштуу толуктоо киргизүү керектигин эскертем.

**7. Сунуштар**.

Мамашарип кызы Багдагүлдүн кандидаттык диссертациясы боюнча төмөндөгүлөр дайындалсын:

- **жетектөөчү уюм** катары "Кыргызстан эл аралык университети" окуу-изилдөө-өндүрүштүк комплексин сунуштамакчыбыз (Бишкек шаары, Лев Толстой көчөсү, 17а/1)

- **расмий оппонент** – юридика илимдеринин доктору (12.00.02), доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичти.

- **расмий оппонент катары** - юридика илимдеринин кандидаты(12.00.02) Рахманов Асылбек Рахмановичти.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңешке коргоого сунушталат. Мындан ары бул багыттагы ишти улантып үй-бүлөлүк укук системасын алдыга жылдыруу максатында иштелип чыккан сунуштардын негизинде тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү боюнча активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**9. Корутунду.**

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө – бул конституциялык укук; муниципалдык укук сыяктуу актуалдуу илимий багытты, өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик. Диссертациядагы баптар жана бөлүмдөр логикалык туура иретте баяндалган, келтирилген жыйынтыктар, тыянактар жана сунуштар далилденген жана негизделген. Диссертациялык изилдөө конституциялык укук, муниципалдык укук жана жалпы укукта мамлекеттик башкаруу, адам укуктары чөйрөлөрүндөгү ири көйгөйдү чечүүчү эмгек.

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган Мамашарип кызы

Багдагүлдүн кандидаттык диссертациясынын электрондук варианты анын кол жазмасы менен дал келет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбекович корсотулгон документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштулук даражасын изденип алуу учун диссертацияларды коргоо боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун Мамашарип кызы Багдагүлдүн «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы диссертациялык ишин коргоого алуусун сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, доцент** **Джумалиев Д. С.**

“_17_” ___12___ 2024-ж.

Кол тамгасын тастыктайм:

Окуу. кызмат. Сагынаева В.Н.

Кол тамгасын тастыктайм

К.В. Бейшеева Н.Б. Курамаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ